1-тиркеме

# Кыргыз Республикасынын жаранынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү идентификациялык картасы – паспорту (ID-карта) жөнүндө жобо

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын жаранынын 2025-жылдын үлгүсүндөгү идентификациялык картасы – паспорту (ID-карта) (мындан ары – идентификациялык карта) – Кыргыз Республикасынын жаранынын ким экендигин күбөлөндүрүүчү жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына тиешелүүлүгүн ырастоочу тексттик, машина менен окула турган жана электрондук түрдөгү маалыматы, паспорттун ажыратылгыс бөлүгү болуп саналган, киргизилген электрондук чиби бар документ.

Идентификациялык карта Кыргыз Республикасынын менчиги, Кыргыз Республикасынын жаранынын улуттук паспортторунун типтеринин бири болуп саналат, ал эми анын ээси Кыргыз Республикасынын коргоосуна алынат.

Идентификациялык карта Кыргыз Республикасынын аймагында жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде анын чегинен тышкары колдонулат.

Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан санариптик форматта “Түндүк” мобилдик тиркемеси аркылуу жетүүгө мүмкүндүк берилген идентификациялык карта юридикалык күчкө ээ жана физикалык форматтагы идентификациялык картанын номиналдык тибиндеги документке барабар болуп саналат.

2. Идентификациялык карта Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына 16 жашка толгондо белгиленген форма боюнча арыз бергенде, он жылдык мөөнөткө берилет.

## 2-глава. Идентификациялык картанын (ID-карта) техникалык мүнөздөмөлөрү

3. Идентификациялык карта төмөнкүдөй маалыматтарды камтыйт:

1) текст түрүндө:
– фамилиясы, аты;
– атасынын аты (болсо);
– жынысы;
– жарандыгы;
– туулган датасы;
– документтин номери;

– берилген датасы;
– аяктаган датасы;
– туулган жери;
– идентификациялык жеке номери (жеке номер);
– документти берген органдын коду;
2) графикалык түрдө:
– ээсинин колу;
– ээсинин бетинин ак-кара сүрөтү;
– этностук тиешелүүлүгү (арыз ээсинин каалоосу боюнча);
3) машина менен окула турган түрдө:
– машина менен окула турган бөлүгү;
4) электрондук чипте:
– фамилиясы, аты;
– атасынын аты (болсо);
– жынысы;
– жарандыгы;
– туулган датасы;
– аяктаган датасы;
– туулган жери;
– идентификациялык жеке номери (жеке номер);
– документти берген органдын коду;
– ээсинин бетинин түстүү санариптик сүрөтү;
– эки колунун манжаларынын папиллярдык издеринин графикалык түзүлүшү;
– ээсинин кол тамгасы.

Идентификациялык картада ошондой эле көрүүсү начар адамдар үчүн (ээсинин каалоосу боюнча) Брайл шрифтинде тактилдик текст болушу мүмкүн.